Fanar
Kuwait Center for Documentation of Humanitarian work

اللغة القرغيزية

Kyrgyz language

جمعية السلام للأعمال الإنسانية والخيرية
AL Salam Association For Humanitarian Charity

# 9 юбилей назначения Кувейта в качестве международного благотворительного центра

9/9/2014 - 9/9/2023



| Өлкөсү | Кувейт |
| --- | --- |
| Борбору | Кувейт |
| Аянты | км2 17,818 |
| Калкы | адам 4,500,000 |




### Кувейт өлкөсүнүн жалпы сүрөттөлүшү

Кувейт өлкөсү – Жакынкы Чыгышта жайгашкан, түндүк-батышынан Ирак менен, түштүк жана түштүк- батышынан Сауд Аравия Королдугу менен чектешкен, Перс булуңунун түндүк-батыш багытындагы мусулман араб мамлекети. Кувейт жээги 290 км. аралыкка созулат. Кувейттин тогуз аралы бар: Файлака, Бубиян, Мискан, Варба, Ауха, Умм-аль-Марадим, Умм-аль-Намил, Куббар жана Кару.

Файлак аралы, адамзаттын тарыхындагы эң белгилүү аралдарынын бири деп эсептелген. Анда көптөгөн цивилизациялар жайгашкан жана, алардын изин бүгүнкү күндө дэле тапса болот.

### Кувейттин гумандуулугу

Кувейт, өзүнүн, мамлекет ичинде да, андан сырткаркы жерлерде да кайрымдуулук ишмердиги, гуманитардык демилгелери жана ыктыярдуу курмандыктары менен, биздин замандын он жетинчи кылымынын башындагы өзүнүн негизделишинен бери, айрыкча, биздин замандын -1693жылы белгилүү болгон жана Кувейт, бул сапаттарын азыркы мезгилге чейин сактап келет.

Кувейт өлкөсү, байыркы мезгилден бери эле, өзүнүн эли жана жашоочуларына карата, расмий мекемелердин же, жарандык коомдун, ошондой эле, жеке менчик секторунун жардамы менен өзүнүн кызмат көрсөтүүлөрү менен гуманитардык ишмердикти колдоодо маанилүү ролду ойнойт.

Ошондой эле ал, дүйнөнүн коңшулаш жана башка мамлекеттерине карата, ал мамлекеттердин өнүгүүсүнө өзүнүн салымын кошуу менен, жакырчылык, ачкачылык, оорулар, табигый кырсыктар жана согуштар менен күрөшүүдө дайым колдоо менен, жашоого маанилүү роль ойноп келет
Түштүк, Перс булуңу жана Кувейт фонду, араб өлкөлөрүнүн экономикалык өнүгүүсү үчүн, бул ролду ойногон көптөгөн органдарды негиздешкен. Өлкө, ар кайсы мамлекеттерге өзүнүн өнүгүү процессин бүтүрүүгө жардам бергендердин бардыгына гранттарды, ссудаларды жана белектерди берген.

-1990жылдан -2014жылга чейинки акыркы статистикалык маалыматтар боюнча, дүйнө мамлекеттерине Кувейт өлкөсү берген жардам 42 миллиард долларды түздү, анын ичинде, 8,5 миллиард доллары, займ, белектер, ошондой эле, мамлекеттик каналдар аркылуу берген жардамдар болгон.

Кувейттин, гуманитардык ишмердик өнүгүү боюнча иштер жаатындагы, ошондой эле, тынчтыкка жетишүүдөгү негиз болуучу кыймылынан кийин, Улуу Британиядагы Уюм (Глобалдык өнүгүүнүн демилгелери) -2014жылы отчет жарыя кылган, ал боюнча Кувейт, Перс булуңунда биринчи орунду, жана улуттук кирешенин деңгээли боюнча, дүйнөнүн 20 мамлекетинин ичинен да биринчи орунду ээлеген, ошондой эле, Кувейт эң март мамлекет болуп таанылган.

Азыркы учурда Кувейт, «Жаңы Кувейт 2035» аттуу Кувейттин концепциясынын стратегиялык планына кайрымдуулук жана гуманитардык ишмердикти кошуу менен, гуманитардык ишмердикти, өзүнүн эң маанилүү саясаттары, максаттары жана пландары катары кароо менен, гуманитардык жана ыктыярдуу курмандыктарга болгон өзүнүн мамилесин билдирет.

### Зайымдар боюнча пайыздарды жакыр мамлекеттерден алып салуу

Кувейт, бүткүл дүйнөдөгү өзүнүн боордошторуна жардам берет жана, Кувейттин гуманитардык демилгелеринин арасында, Кувейттин раматылык Шейхи Джабер аль –Ахмад аль-Джабер ас-Сабах, -1988жылдын -22 сентябрында Бириккен Улуттар Уюмунун Ассамблеясынын алдында, жакыр мамлекеттердин карыздарына болгон пайыздарды








жокко чыгаруу демилгесин жарыялагандыгы айтылат.

### Мамлекеттер ортосундагы реформалоо үчүн ортомчулук

Кувейт, узак мезгилден бери, өлкөлөрдүн, элдердин жана уюмдардын ортосундагы реформалоодо атактуу жана маанилүү ролду ойногон жана Кувейт бул ролду ойноону улантып келет, ал тургай, аны, достуктун жана тынчтыктын мамлекети деп атай электен мурунку акылмандыгын, ийгиликтүү саясий жетекчилигин, анын көрөгөчтүгүн, анын сыйлуу мамилелерин жана ал үчүн жалпы ыраазычылыкты эске алуу менен, өлкөлөр ортосунда саясий кризистер пайда болгондо, ал иштерге анын киришүүсүн суранышат.

### Гумандуулуктун Глобалдуу Борбору

-2014жылдын 9 сентябрында Бириккен Улуттар Уюму, согуштун айынан балдары жапа чеккен Сирия эли үчүн донордук конференцияда баса көрсөтүлгөн анын гуманитардык жана кайрымдуулук аракеттери жана өнүгүү жаатындагы иштери үчүн ыраазычылык белгиси катарында, Кувейтти «гуманитардык ишмердиктин глобалдуу борбору» катары тааныган. Кувейт, өзүнүн аймагында, -2014 ,-2013 жана -2015жылдарда үч конференция өткөргөн, ошондой эле, Улуу Британияда -2016жылы өткөрүлгөн төртүнчү конференцияда катышкан.

Бириккен Улуттар Уюму, донорлордун конференцияларын уюштуруудагы жана жабыр тарткан мамлекеттерге жана элдерге жардам берүүдөгү зор аракеттери, анын ичинде Газанын балдарын бошотуу боюнча Конференция, ошондой эле, Иракты калыбына келтирүүнү колдоо боюнча Конференция үчүн, раматылык Улуу урматтуу Эмир Шейх Сабах аль-Ахмад аль-Джабер ас-Сабахка – Жараткан ага ырайым берсин - «Адамзаттын Лидери» наамын ыйгарган.

Кувейт,көп жылдар арасында кувейттик мамлекеттик жана жеке менчик донордук фонддор жана мекемелер аркылуу жардамдарды жана гранттарды берип

келген, анын ичинде алтымышынчы жылдардын башында негизделген Кувейт өнүктүрүү фонду. Алардын жеңилдетилген ссудалары 4,5 миллиард динарга барабар болгон, ал, дээрлик 1000 ссуданы түзгөн, алардан, жүздөн ашык мамлекет пайдаланган.

Кувейт,стабилдүүлүк жана адамдардын коопсуздугу үчүн, мамлекеттерге, элдерге жана гуманитардык уюмдарга жардамдарды жана курмандыктарды берүүнү улантып келет. Кувейт, ыктыярдуу түрдө көп жардамдарды берген, мисалы: Кувейт, -2007жылы палестиналыктардын ишин колдоого Париждеги донорлордун конференциясында 300 миллионов доллар ажыраткан. Кувейт, -2009жылдын -20январындагы Араб саммитинин убагында, Араб дүйнөсүндөгү кичи жана орто сектордун долбоорлорун колдоо жана каржылоо үчүн, эки миллиард доллар суммасындагы фондду негиздеген. Ага Кувейт 500 миллион доллар салым кошкон, ошондой эле, технологиялар жана санариптик экономика Фондун негиздеген. -2019жылкы Бейруттагы төртүнчү Араб саммитиндеги Кувейттин төрагалыгынын маалында, наркы 200 миллион долларлык экономикалык фонд түзүлүп, ага Кувейт 50 миллион доллар курмандык кылган жана, африка континентин өнүктүрүү боюнча Абдулрахманү Аль-Сумайттын конкурсун жарыялаган.

-2019жылдын мартынан, Кувейт, Сирия элинин кыйынчылыктарын үч жыл ичинде жеңилдетүү үчүн 300 миллион доллар курмандык кылган. Кувейттин сириянын калкына берген курмандыгы, -2019жылдын мартына чейин 1,6 миллиард долларды түзгөн.

Ошол бардык гуманитардык жетишкендиктер, Кувейттин жана анын кайрымдуулук аракеттери менен болгон. Анткени, Кувейт, жер жүзүнүн ар кайсы бөлүгүн камтыган өзүнүн гуманитардык аракеттери жана кайрымдуулук таанымалдуулугу менен бүткүл дүйнөнүн көңүлүнүн борборунда болуусун улантткан. Ал нерсе, Кувейттин кайрымдуулук ишмердикке болгон сүйүүсүн жана анын, жетекчиликтин жана элдин жүрөгүндө орногондугун далилдейт.





## Донорлордун конференциясы

Кувейт өлкөсү, төмөндө баяндалгандай, жапа чеккен мамлекеттерге жана элдерге жардам көргөзүү үчүн, донорлордун бир нече конференцияларын өткөргөн:

Чыгыш Судан боюнча, -2010жылкы Кувейттеги донорлордун конференциясы: 42 мамлекет, 3,5 миллиард доллар суммасындагы өздөрүнүн каржылык милдеттенмелери жана төлөмдөрү менен катышкан. Анда, 30 регионалдык жана эл аралык уюмдар, жарандык коомчулуктун 78 институту жана 84 компания, катышкан, ал эми, Кувейт, 500 миллион долларлык курмандык кылган.

Сирия элин колдоо үчүн донорлордун биринчи конференциясы, -2013жылы Кувейтте өткөрүлгөн: анда, 1,6 миллиард суммасындагы төлөм жөнүндө жарыялашкан 59 мамлекет катышкан, алардын арасындагы Кувейт 300 миллион доллар көрсөткөн, ал эми, конференцияда, 194 миллион доллар бөлүп берүү милдеттенмесин 13 эл аралык гуманитардык уюм алган.

Сирия элин колдоо үчүн донорлордун экинчи конференциясы, -2014жылы Кувейтте өткөрүлгөн: анда, 6 миллиард доллар бөлүп берүү милдеттенмесин алуу менен 69 мамлекет жана 24 гуманитардык уюм катышкан, Кувейт 500 миллион доллар берген, ал эми, эл аралык уюмдар 183 миллион доллар кошууга милдеттенишкен.

Газаны реконструкциялоо боюнча донорлордун конференциясы, -2014жылы

Каирде өткөрүлгөн, ал конференцияда 50 мамлекет катышып, Газага жардам үчүн, ага каршы сионисттик агресиийадан кийин, Кувейт, Газанын калкты жайгаштыруу, өнөр жай жана өнүктүрүү сферасын калыбына келтирүүгө багытталган 200 миллион доллар берген.

Сирия элин колдоо үчүн донорлордун үчүнчү конференциясы, биздин убактагы -2015жылы Кувейтте өткөрүлгөн: анда, 8,4 миллиард долларлык суммадагы милдеттенме алышкан 70 мамлекет жана 40 гуманитардык уюм катышкан, ал эми Кувейт 500 миллион доллар курмандык кылган.

Сирия элин колдоо үчүн донорлордун төртүнчү конференциясы, биздин эранын -2016жылы Улуу Британияда өткөрүлгөн:

Анда, 9 миллиард доллар чамасындагы сумманы бөлүп берүү милдеттенмеси менен 70 мамлекет катышкан жана, кабыл алуучу мамлекет болгон Улуу Британия, Кувейт өлкөсүнүн эмирин, конференциянын ардактуу төрагалык кызматына чакырган. Кувейт ал конференцияда 300 миллион доллар бөлүп берген.

Сомалинин билим берүүсүн колдоо үчүн донорлордун -2017жылкы Кувейттеги конференциясы.

Баланын укуктары жөнүндөгү Ковенциянын, сионисттик уюм тарабынан бузуулары боюнча палестиналык жаш баланын жапа чегүүсү жөнүндөгү -2017жылкы Кувейттеги эл аралык конференция.

Иракты калыбына келтирүү боюнча эл аралык Кувейт конференциясы, -2018жылы Кувейтте өткөрүлгөн: ал конференцияда, 30 миллиард доллар бөлүп берүү милдеттенмеси менен 76 малекет катышкан, ал эми Кувейт 1 миллиард доллар берген. Кувейт, ошондой эле, мамлекеттерге жана элдерге көптөгөн жардамдарды берген жана бүткүл дүйнөнүн суктануусуна ээ болгон.

-2016жылдын май айындагы Туркиядагы бүткүл дүйнөлүк гуманитардык саммитте Кувейт, конференциядан кийинки беш жылдын ичинде, гуманитардык кризистерге каршы аракеттенүү үчүн, 5 миллиард доллар бөлүп берүү боюнча милдеттенме алган. Анысы менен, Кувейт, кайрымдуулукту, ошондой эле кайрымдуулук процессин колдогон Кувейт элинин коомдук уюмдарын жана жеке менчик секторун колдогон жана сыйлаган Аль-Сабах династиясынын башкаруучуларынын жолу менен, мамлекеттерди жана элдерди өнүктүрүү боюнча өзүнүн гуманитардык ишмердигин улантаарын ырастаган.







### -2019жылдагы миллиард ачка адамдар үчүн азык-түлүк

Эл аралык ислам кайрымдуулук уюму, дүйнөнүн ар кайсы мамлекеттериндеги кайрымдуулук долбоорлорун кабыл алган, эң ири глобалдык кайрымдуулук мекемелеринин бири болуп калды жана өкмөттөрдүн, эл аралык уюмдардын жана Бириккен Улуттар Уюмунун адистештирилген агенттиктеринин ишенимине ээ болду,

Ошондой эле, бүткүл дүйнө боюнча исламдык кызматташуу Уюмуна сунушталган мүчөлүккө, анын ичинде, Кувейт өлкөсү жана аны ишке ашырууга катышкан 37 гуманитардык уюмдар уюштурган, -2019жылдагы, «Бир миллиард ачка адамдарга тамак берүү» демилгесинин стартына ээ болду. Алар, 3 миллиардга жакын түшкү тамактарды таратышкан, ошондой эле, общиналарды өнүктүрүү жана мутаждардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жаатындагы 961 331 долбоорду башташкан. Алардын ичинен, 313 132 миллиону жардамдарды алышкан. Буга кошумча, ачкачылык менен күрөшүү жана азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо жаатындагы 2468 өнөктөштүк программаларын ишке ашыруу болгон.

Эл аралык мүчөлүктөр жана атактуу эл аралык иш-чаралар

Кувейт, эл аралык коомчулуктун жана Бириккен Улуттар Уюмунун ишенимине ээ болгон жана, өзүнүн аймагында көптөгөн эл аралык жана глобалдык иш-чараларды өткөргөн, анын ичинде:

Кувейт тарабынан, Коопсуздук Кеңешиндеги өзүнүн 40 жылдан кийинки, башкача айтканда, ,-1978 -1979жылдардан берки туруктуу эмес мүчөлүгүнөн 193 мамлекеттин ичинен 188 добуш менен, Коопсуздук Кеңешиндеги төраганы -2018жылдын февралында алмаштыруу менен талапкерлигин көрсөтүү аркылуу Коопсуздук Кеңешинин турукту эмес мүчөлүгүнө эки жылдык мөөнөт менен өтүү үчүн, Бириккен Улуттар Уюмунун мүчөлөрүн жаңы мөөнөткө дайындоо. Кувейт, Бириккен Улуттар Уюмуна -1963 жылы расмий кошулгандыгынын фактысын белгилеп кетүү керек.

Кувейтте, Тынчтык үчүн Биримдик боюнча Эл аралык Конференцияны -2019жылдын январында өткөрүү.

Дүйнөлүк банк, Улуу урматтуу, Кувейт өлкөсүнүн акыркы Амири, Шейх Сабах Аль-Ахмадга – Жараткан ага ырайым берсин – Дүйнөлүк банктын башкы офисинде, регионалдык жана эл аралык деңгээлдерде социалдык-экономикалык өнүгүүнү жана тынчтыкты орнотууну колдоодогу анын ролу үчүн урматтоо көргөзгөн.

### Коронавирустан келип чыккан кризис маалындагы кайрымдуулук жардамы:

Кувейт өлкөсү, -2020жылы коронавирус пандемиясына (Covid19-) кез келди жана мамлекет, кризистен чеберлик менен чыгып кетти, ал эми, кувейттик кайрымдуулук уюмдар кайрым кылуу кампанияларын өткөрүштү, анын жыйынтыгында, бир күн ичинде 9169 миллион динар (30 миллион долларга жакын) чогултулду жана Кувейтте жабыркагандарга жардам көрсөтүлүп, алар пайдасын көрүштү. Көптөгөн үй-бүлөлөр жана ишчилер жабыркашкан жана көптөгөн министрликтерге, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелерге материалдык-техникалык колдоо көрсөтүлдү.

Кувейт өлкөсү, коронавирус пандемиясынан (Covid-2020 (19-жылы жабыркаган бир нече мамлекеттерге жардам көрсөткөн, анын ичинде (Палестина, Кытай, Иран ж.б.) жана Бүткүлдүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмуна 60 миллион долларлык курмандык кылган. Кайрымдуулук коомдору да, коронавирустан жабыркаган мамлекеттерге жардам көрсөтүшкөн жана көптөгөн мамлекеттер, ошондой эле, эл аралык уюмдар, коронавирус (Covid 19) менен күрөшүүдөгү Кувейт өлкөсүнүн чыгаандык ролун жогору баалашты..

Кувейт, ошондой эле, Ливан Республикасына, адам өмүрүнүн, мүлктөрдүн жана инфратүзүмдөрдүн көп сандаган жоготууларына алып келген, Бейрут шаарынын портунда болгон чоң жарылуудан кийин, Кувейттин Кызыл Жарым ай Коому, аба көпүрөсү аркылуу Кувейттин Аскер аба күчтөрүнүн жардамы менен биринчи жардамды көрсөткөндөн кийин,







марттык менен курмандык кылгандардын биринчиси болгон.

### Мамлекеттердеги жана токойлордогу өрттү өчүрүү

* Дос жана боордош мамлекеттердеги өрттү өчүрүүдөгү Кувейттин салымы. -2021жылкы Түрк Республикасындагы жана Грекиядагы токой өрттөрү жайылганда, Кувейт өлкөсү, керектүү жабдыктары бар өзүнүн өүрт өчүрүүчү командаларын даярдаган. Ар бирмамлекет үчүн команда 45 өрт өчүрүүчүдөн турган, бардыгы болуп, Кувейттин балдарынан турган 90 өрт өчүрүүчү болгон. Өрт өчүрүү боюнча ажайып чемпионат болду жана алар, өрт өчүрүү боюнча сыйга татыктуу баатырдык ишинен кийин кайтып келишти. Ошондой эле ал, Алжирдеги жанаТунистеги биздин замандын -2021жылынын август айында жанып кеткен өрттөрдү өчүрүүдө өзүнүн жардамын жөнөттү.

### Наваф Аль-Хайр жана адамдык марттыкты көрсөтүү жана биографиясынын уландысы

Кувейттин бардык башкаруучулары кайрымдуулук жана гуманитардык ишмердиктин маанилүүлүгүнө ишенишкендиктен, Кувейттин башкаруучусу, адатта, Кувейттин Кызыл Жарым ай Коомунун ардактуу президентинин кызмат ордун ээлейт, ал эми, Улуу урматтуу, Кувейт өлкөсүнүн Эмири Шейх Наваф Аль-Ахмад Аль-Джабер Ас-Сабах – Жаратуучу аны коргосун жана сактасын - -2020жылдын -29сентябрында кызматка киришкенде, Улуу урматтуу, Кувейттин Кызыл Жарым ай Коомунун ардактуу президенти болуп калган.

Кувейттин узун колу, санабастан март болушу үчүн, Улуу урматтуу Эмир Кувейттин гуманитардык жана кайрымдуулук жүрүшүн аягына чыгаруу жоопкерчилигин өзүнө алды.

Улуу Урматтуу, кайрымдуулук ишмердиги – Кувейттин жана анын калкынын, башкаруучуларынын жана адамдарынын мүнөздүү белгиси экендигин ырастоо үчүн, дүйнө жүзүндөгү, жардамга муктаж бардык мамлекеттерге, кандайдыр бир дискриминацияловсу жок жардамдашуу кампанияларын багыттоонун үстүндө иштеди … Улуу урматтуунун урматына, гуманитардык жана кайрымдуулук ишмердигинин Аль-Салам Ассоциациясы, анын атынан, «Наваф Аль-Хайр кампаниясы жана Сирияга жана Йеменге жардам кылуу үчүн, -2021жылы жүк ташуучу унааларды таратуу» аттуу биринчи кайрымдуулук кампаниясын уюштурду. Ал, -2021жылдын -15январынан -20февралына чейинки мезгилде, Сириядагы жана Йемендеги качкындарга жана жай которушкан адамдарга жардам көрсөтүү үчүн өткөрүлдү жана, наркы 1349 миллион динарга барабар болгон 313 жүк ташуучу унааны, Сириядагы жана Йемендеги 2800 лагерде жашап жатышкан 6 миллион бенефициарларга пайда берген колдоону жана жардамды көрсөтүү үчүн чогултууга мүмкүн болду.

Жыйынтыгында айтарыбыз, гуманитардык иш жаатындагыь ушул бардык жетишкендиктер, анын, бардык жердеги гуманитардык ишмердигинин жана кайрымдуулугунун жардамы менен, Кувейтти бүткүл дүйнөнүн көңүлүнүн борборуна айлантты. Бул жетишкендиктер, Кувейттин, кайрымдуулук жана гуманитардык ишмердике болгон сүйүүсүнүн жана анын элинин жана жетекчилигинин жүрөктөрүндө ал нерсенин орун алгандыгынын күбөсү болуп кала берет.